# Коомчолук реабилитациялык программаларды уюштуруу

## ЖОГОРУДАН ТӨМӨН ЖЕ ТӨМӨНДӨН ЖОГОРУ?


Учурда дүйнө жүзүндө “коомчого негизделген” деп кээде аталып жүргөн реабилитациялык программалардын көп мисалдары бар. Мындай программалардын айрымдары “жогорудан төмөн” уюштурулуп башкарылса, калгандары “төмөндөн жогору” уюштурулуп башкарылат.

### Жогорудан төмөн: буйрук жеткирүү тизмегин элестетет

**“Жогорудан төмөн” түзүмү боюнча уюштурулган** программалар же иш-аракеттер көбүнчө коомчонун өзүнөн сырткары – өкмөт, эл аралык уюм же тышкы “адистер” тарабынан пландалат, уюштурулат, башталат жана көзөмөлдөнөт. Ал эми мындай программалардын жергиликтүү лидерлери болуп, негизинен, беделдүү, таасирдүү же бийлик кызматтарын ээлеген адамдар дайындалат.




### Төмөндөн жогору: чечим кабыл алууда теңдик сакталат




**«Төмөндөн жогору» түзүмү боюнча уюштурулган** программалар же иш-аракеттер негизинен жергиликтүү коомчонун мүчөлөрү тарабынан пландалат, уюштурулат, башталат жана көзөмөлдөнөт. Мындай программалардын жетекчилигинин чоң бөлүгүн алардын кызматына эң муктаж болгондор жана алардан эң чоң пайда алгандар түзүшөт. Кыскасы**, көлөмү боюнча** мындай программалар **чоң эмес, жергиликтүү аймагынын чектеринен ашпайт жана кызматынан пайда алгандар тарабынан уюштурулат.**

«Жогорудан төмөн» түзүмү боюнча уюштурулган программалар үчүн да, «төмөндөн жогору» түзүмү боюнча уюштурулгандары үчүн да, **коомчонун катышуусу** маанилүү. Бирок мындай эки түрдүү программалардын ар бири үчүн ал ар түрдүүчө маанилүү:

«Жогорудан төмөн» программаларда адамдардан «жогорудагылар» иштеп чыккан ыкмаларды так карманып гана катышуу талап кылынат. Мисалы, сырттан келген же чет өлкөлүк адистерден турган жумушчу топ жергиликтүү коомчолордун ар бирине белгилүү бир адамдардан “жергиликтүү көзөмөлдөөчүлөрдү” дайындашы мүмкүн. Мындай жергиликтүү көзөмөлдөөчүлөргө «тамак даярдоону үйрөтүүчү» китептердегидей, «бардык жагдайларга жарактуу» даяр маалыматтар окутулат. Андан кийин мындай көзөмөлдөөчү «жергиликтүү тренерлердин» бир нечесине алар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын ар бири менен кандай «иштөөгө милдеттүү экендигин» түшүндүрөт. Ошентип, мындай адистер «коомчонун катышуусу» дегенди «элге эмне пайдалуу экендигин биз чечебиз жана элди аны аткарууга көндүрүү зарыл» деп түшүнүшөт.



Мексикадагы Ахойа айылында реабилитациялык борбордон айылдын башкы жолуна чейин цементтен жөө жүрүү жолун салууга 60тан ашык үй-бүлө катышкан.


«Төмөндөн жогору» түзүмү боюнча уюштурулган программаларда “коомчонун катышуусу” түшүнүгү таптакыр башка мааниге ээ. Мындай программа айылдын же шаардык коомчонун ичинде анын тургундарынын муктаждыктарына жана тилектерине жараша калыптанат. Программаны уюштуруп баштоого жардам бериши үчүн, коомчонун мүчөлөрү реабилитациялоо иши жана адамдарды уюштуруу боюнча билими жана ык-жөндөмдөрү бар бөтөн адамга кайрылышы мүмкүн. Бирок программасына тийешелүү негизги чечимдерди коомчонун мүчөлөрү, айрыкча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана алардын үй-бүлөлөрү өздөрү кабыл алышат. Алар башка программалардан жана адистерден көп нерселерди үйрөнүшү мүмкүн. Бирок алар башкалардын ишин түздөн түз көчүрүп колдонушпайт, туурашпайт. Алар коомчосунун жана андагы конкреттүү балдардын муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө туура келүүчү иш-чараларды пландоого керектүү кеңештерди жана маалыматтарды өздөрү тандашат.

**Мындай эки башка принциптин негизинде түзүлгөн программалардын ар биринин аларга мүнөздүү артыкчылыктары жана кемчиликтери бар.** Борбордук өкмөт үчүн бир убакта көп коомчого “жогорудан төмөн” түзүмү боюнча уюштурулган стандартташтырылган программаларды ишке киргизүү, аларды башкаруу жана аларга баа берүү оңоюраак. Бирок баштапкы медициналык-санитардык жардамды көргөзүүдө, “жогорудан төмөн” принциби боюнча түзүлгөн программалардын иши көп учурда оңбой калып жатканы же аларда олуттуу кемчиликтердин бар экендиги айкын болду. Мунун негизги себеби – аларда коомчонун тургундарынын ишенимине ээ болгон лидерлердин жана түшүнүү, жеке берилгендик менен мамиле кылуунун жетишсиздиги. Мындай нерселер реабилитациялоо иши үчүн өзгөчө маанилүү. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын ар биринин өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жана бөтөнчө муктаждыктары бар. Көйгөйлөрдү чечүүгө стандарттык эмес, ойлоп чыгаруу ыкмаларынын колдонуунун мааниси зор. Эгер пландар жана чечимдер алдын ала даярдалган түрүндө жогорудан түшүрүлсө, көп учурда реабилитациялык иш-чаралардын пайдасы чектелүү болот, ал эми кээ бир учурларда алар атүгүл зыян келтирет.

“Төмөндөн жогору” программаларда кызматкерлердин ортосунда теңдик жана чечимдерди чогуу кабыл алуу көбүрөөк сезилет. Алар көрсөтмөлөрдү гана аткаруу менен тим болбостон, сунуштарды да эсепке алышат, тигил же бул нерсени **эмне үчүн** аткаруу керек экенин билүүнү каалашат. Мындай жагдайда көнүгүүлөрдүн, көмөкчү каражаттардын жана иш-аракеттердин баланын жеке муктаждыктарына иш жүзүндө туура келүүсүнүн ыктымалдыгы көбөйөт. Реабилитация иштери бардык кызыкдар тараптар үчүн кызыктуураак, түшүнүктүүрөөк жана баалуураак да болот. Мындай ыкма ата-энелердин жана алардын балдарынын башкалардан көбүрөөк көз карандысыз болуусуна жардам берет.

“Төмөндөн жогору” ыкмасы боюнча түзүлгөн реабилитациялык программалар жергиликтүү тургундар тарабынан уюштурулгандыктан жана башкарылгандыктан, алар ийкемдүүлүк жана ылайыкташуу жөндөмдүүлүгү сыяктуу артыкчылыктарга ээ. **Пландоо иши** – коомчодогу улам өзгөрүп турган муктажыктарга, кыйынчылыктарга жооп издөөдөн жана андагы мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалануудан турган тынымсыз, жаңы нерселерди үйрөнүү процесси. Айрыкча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана алардын үй-бүлөлөрү мындай иш-аракеттерде башкы ролду өзүнө алышканда, ар бир деңгээлдеги катышуучулардын бир бирине сый-урмат менен, досторчо жана теңата мамиле кылуусунун ыктымалдыгы көбөйүп, программа муктаж болгондорго карата адамгерчиликтүү жана өзгөчө пайдалуу болот.

Кызматынан өздөрү пайда көргөндөр тарабынан уюштурулуучу мындай “төмөндөн жогору” программаларда” бийлик бир жерде топтолбой, эл арасында бөлүштүрүлөт: бийлиги жок адамдар биригүү жолу менен күчтүү боло баштаашат. Өзүнүн жашоосунун үстүнөн жоопкерчиликти алууда же укуктарын коргоодо иш-аракеттер эмнеге алып келерин, адамдар канчалык алыс барышарын алдын ала билүү мүмкүн эмес.



Кийинки бир нече бетте айыл шартында “төмөндөн жогору” түзүмү боюнча уюштурулган, жергиликтүү коомчолордун реабилитациялык иш-аракеттери жана программалары каралат. Булар – биздин жеке иш тажрыйбабыздан алынган мисалдар. Аларды “жогорудан төмөн” ыкмасы боюнча түзүлгөн программалар менен салыштыруу үчүн, Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму тарабынан даярдалган *Training In the Community for People with Disability* (Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды коомчосунда үйрөтүү) деп аталган китеп жана башка кошумча материалдар менен таанышып чыгууну (637-бетти караңыз) сизге сунуш кылабыз.

# РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК ПРОГРАММА АЙЫЛЫҢЫЗДА – ЭМНЕДЕН БАШТАСА БОЛОТ?

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды реабилитациялоо иштери негизинен эки негизги максатты көздөйт:

1. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү ар бир адам мүмкүн болушунча башкалардан көз карандысыз жана толук баалуу өмүр сүрүүсүн жана башка адамдар менен тыгыз байланышта жөндөмдүүлүктөрүн болушунча тиричилигинде колдонуусу мүмкүн кылган жагдайды түзүү.

2. Ден соолук бузулуусу бар адамдардын айланасындагыларга – үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнө, кошуналарына, мектеп окуучуларына, коомчосундагы башка адамдарга – мындай көйгөйлүү адамдарды кабыл алуусуна, аларга сый-урмат менен мамиле кылуусуна, көмөк көрсөтүүсүнө (чынында зарыл болгон учурларда гана), чогуу болгондо алар өздөрүн оңтойлуу сезүүсүнө, алар менен достордой мамиледе болуусуна, бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүп аларга теңата мамиле кылуусуна жана мындай адамдардын жөндөмдүүлүктөрүн сыйлоосуна жардам берүү.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды жакшыраак түшүнүп жана кабыл алып баштоого алып келүүчү мыкты жолдордун бири – аларды дени соо адамдар менен биргелешкен иш аракеттерге тартуу. Кийинки бир нече бөлүмдө мындай көйгөйлүү адамдарды жакшыраак түшүнүүсүнө жана аларга көбүрөөк сый-урмат менен мамиле кылуусуна элге жардам берүүчү, коомчолордо аткарууга ылайыктуу иш-чаралар талкууланат. Буларды ата-энелер, мугалимдер же жергиликтүү диний жетекчилер реабилитациялык программанын бир бөлүгү же өзүнчө иш-чара катары колдонушса болот. Мындай иш-чаралардын кээ бирлери, чынында, жергиликтүү тургундарда коомчолук чакан программа баштоого кызыгууну жаратууга жана муну алар менен ачык талкуулоого түрткү бере турган мыкты жолдордун бири боло аларын иш жүзүндө далилдеди.

Айылдын же шаардагы коомчонун жашоочуларын биргелешкен иш-чараларга активдүүрөөк катыштыруунун көп жолдору бар. **Чогулуш чакырып, ага ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды жана алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүн бирге чогултуу,** көп учурда, мындай иш-чараларды баштоонун жакшы жолу болуп эсептелет. Кээде жергиликтүү коомчонун бир же андан көп башчысынын ден соолук бузулуусу бар баласы же жакын тууганы бар болот. Булар мындай көйгөйлүү балдары бар башка үй-бүлөлөр менен биргелешип аракет көрүүгө же коомчосунда реабилитациялык программа баштоого демилге көтөрүп чыгышса болот.

**Адамдардын тынчын алган эң чоң көйгөйүнөн башта**ган жөндүү. Мисалы, Пакистандагы Пешаварда, ***акыл-эси*** өрчүүсү артта калган балдар үчүн жергиликтүү коомчодо атайын программа уюштурулган, анткени бул балдардын үй-бүлөлөрү буга абдан муктаж экенин билдиришкен. Никарагуада, ***жүлүнү*** жабыркагандыктан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болуп калган революционерлердин тобу, өздөрүнүн өзгөчө муктаждыктарын канааттандыруу үчүн, аз чыгымдуу дөңгөлөктүү отургучтарды жасоо программасын башташкан. Мексикада, ***физикалык*** бузулуулары бар айылдык медициналык-санитардык кызматчылар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн коомчосунда атайын программа уюштурушкан. Андан бери ушул 3 программанын тең иштери кыйла кеңейген. Азыр алар баштапкы мезгилине салыштырмалуу ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин көбүрөөк түрлөрүн камтып иштейт.

Айрым балдарда ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттен бирөө эмес, бир нечөө болгондуктан, мындай илдеттердин белгилүү бир түрлөрүнө гана көңүл буруп чектелүү мүмкүн эмес. Биз баланын муктаждыктарын үй-бүлөсүндө жана коомчосунда ар тараптуу канааттандырууга аракет кылышыбыз керек. Бирок көп учурда тигил же бул ишти **кичинеден жана кыйла чектелүү көлөмүндө, адамдар даяр болгондо,** баштаган баарынан туура болот. Анан жаңы көйгөйлөр пайда болот, жаңы адамдар ишке аралашат. Жаңы көйгөйлөр пайда болуп, жаңы адамдар ишке аралашкан сайын, иш өзү да өсүп, алдыга жыла берсин.



Коомчолук программада баары бир бирине жардам беришет. Сүрөттө, полиомиелиттен жабыркаган баланын энеси кездемеден гипстүү таңууга кийгизилүүчү “байпак” тигип жатат.

## Ишти ким баштайт?

Көп учурда коомчонун ичинен же ага коңшулаш аймактан реабилитациялык иш-аракеттерди же атүгүл бүтүндөй программаны баштоого катышууга умтулган адамдарды табууга болот. Адамдарда “идеяны күйгүзө турган” учкун эле керек. Ой жүгүртүүгө түрткү берип, идеяларды жарата турган адам, маалымдама баракча же атүгүл радиоберүү ошондой учкун болушу мүмкүн.

Мисалы, биз өзү да полиомиелиттен жабыр тарткан бир дарыгер аялды билебиз. Бир күнү ал “Бардык адамдар үчүн реабилитация” деп аталган макаласы бар, Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун журналы колуна тийген. Бул айылынын тургундарын балдар үчүн жөнөкөй реабилитациялык оюн аянтчасын курууга уюштурууга түрткү берген. Буга окшош дагы бир мисал: “БАЛА балага” деп аталган программанын иш-чаралары камтылган баракчалар айрым мугалимдерди мектепте балдар үчүн жаракаттануунун жана илдеттердин алдын алуу жана окуучуларга ден соолук бузулуулары бар балдарга түшүнүү менен мамиле кыла баштоосуна, өздөрүнүн катарына кабыл алып аларга жолдош болуусуна жардам берүү боюнча иш-чараларды өткөрүп туруу демилгесин көтөрүп, аны ишке ашырууга дем берген.

Көпчүлүк учурда, программаны баштоо үчүн, реабилитация жана коомчодо иш алып баруу жаатында тажрыйбасы бар адам керек болот. Мындай адам белгилүү бир убакыт айылда же ага жакын жерде жашоосу шарт. Анын иши – окшош муктаждыктары бар адамдарды бириктирүү, аларга иш планын иштеп чыгууга, керектүү маалыматка жана ресурстарга жетүүгө көмөк кылуу.

Мындай “ресурс адамын” кээде **“өзгөрүүлөрдүн агенти”** деп аташат. Ал сөзсүз эле реабилитация же социалдык жумуш тармагы боюнча жогорку квалификациялуу адис болуусу зарыл эмес. Чынында, профессионалдык даражалары бар адамдар көп учурда ата-энелерди жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды коомчодогу реабилитациялык программанын башкы аткаруучулары жана негизги чечимдерин чыгаруучулары катары кабыл алгысы келишпейт.

**Өзгөрүүлөрдүн агенти жөнөкөй адамдарга сый-урмат менен мамиле кылуусу зарыл, жана муктаждыктарын канааттандыруу, укуктарын коргоо үчүн адамдарды бириктирүүгө жардам берүү идеясын жолдогон адам болуусу керек.**

Өзгөрүүлөрдүн агенти “начальник” эмес, кеңешчи, буйрук берүүчү же чечим чыгаруучу эмес, маалымат жана тандоо мүмкүнчүлүктөрү менен камсыз кылуучу болууга тийиш. Мындай инсан адамдар чечимдерин өз алдынча кабыл алуусуна жана программасын иштетүүсүнө жардам берип, өзү көмүскөдө калуусу зарыл, айрыкча эгер ал бул коомчонун тургуну эмес, тыштан келген адам болсо. Ал программаны жетектөө ишин өз мойнуна жүктөөдөн такыр оолак болууга тийиш.

Бирок көмүскөдө кала берүү оор, айрыкча эгер өзгөрүүлөрдүн агенти иш ийгиликтүү болуусуна абдан кызыкдар болсо. Программаны тыштан келгендер эмес, жергиликтүү тургундар иштетиши үчүн, өзгөрүүлөрдүн агенттери же тыштан келген адистер программанын иштерине өтө көп аралашпоого тийиш. Тескерисинче, алар жокто программа ишин ийгиликтүү улантуусуна шарт түзүшү керек. Өзгөрүүлөр агентинин ишмердигинин ийгиликтүүлүгүнүн биротоло далили болуп, агент кеткенден кийин программа өз ишин эч өзгөрүүсүз, туруктуу түрдө уланта берүүсү эсептелет. Мындан жол эски кытай учкул сөзүндө сонун айтылган:

***Өз Адамдарыңарды издегиле:***
***Аларды сүйгүлө;***
***Алардан үйрөнгүлө;***
***Алар менен чогуу план түзгүлө;***
***Аларга кызмат кылгыла;***
***Аларда бар нерседен баштагыла;***
***Алар билген нерсеге таянгыла.***



***Эң мыкты лидерлер алдыга койгон максаттарына жетип, алардын иши аягына келгенде, адамдар: “Биз муну өзүбүз жасадык” деп айтышат.***

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн программа уюштурууда өзгөрүүлөрдүн агентинин өзү да ушундай көйгөлүү адам болушу көп учурда жакшы натыйжаларга алып келет. Мындай жол “сырттан келгенди” “өзүбүздүн эле кишибизге” айлантууга жардам берет.

## Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар реабилитациялык программалардын жетекчилери жана кызматкерлери катары

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар** дүйнөнүн ар кайсы булуң-бурчтарында эң эффективдүү бир катар реабилитациялык программаларды **жетектеп, анын ишин алып барышат.** Ден соолук бузулуулары бар, программа жетекчилеринин жана кызматкерлеринин буга окшогон көйгөйлөрү бар балдар жана алардын ата-энелери үчүн сонун үлгү катары кароого болот. Башкаларга дени соо адамдардын көпчүлүгүнөн да көбүрөөк жардам берген жана аткарган ишинен ырахат алган, ден соолук бузулуулары бар мындай адамдардын биригип ийгиликтүү иш алып баруусу балага жана анын үй-бүлөсүнө мүмкүнчүлүктөргө жаңыча жана келечекке үмүт менен кароого дем берет. Бул – реабилитация жолундагы биринчи кадам.

**Программанын жетекчилери жана кызматкерлери катары иштөөгө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды (же алардын жакындарын) тартуунун тууралыгынын дагы бир себеби – алар көбүрөөк ишке берилип, чөмүлүп иштешет. Ден соолук бузулуулары бар адамдардын көйгөйлөрүн жана муктаждыктарын жеке тажрыйбасынын негизинде майда-чүйдөсүнө чейин билип, мындай адамдар эмнеге жарай турганын түшүнүп, башкаларга жакпоону, түшүнбөстүктү жана айланасындагылардын адилетсиз мамилесин далай көрүп, коомдо адамдар арасында бир бирине карата көбүрөөк адамгерчиликтүү мамилелер орноосу үчүн, алар эң активдүү күрөшүүгө умтулушат. Талуу жери аларга күч берет.**



Ден соолук бузулуулары бар кызматкерлер окшош медициналык көйгөйлөрү бар балдарга коомунда пайдалуу, толук баалуу өмүр сүрүү мүмкүн экенин өз үлгүсү менен далилдеп көрсөтүшөт. Полиомиелиттен катуу жабыркап калган Поло Лейва тажрыйбалуу ширеткич жана дөңгөлөктүү отургучтарды жасаган уста болууга жетишти.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жергиликтүү тургундар иштеткен реабилитациялык программалардын мисалдары 55-бөлүмдө келтирилген.

## Айылда реабилитациялык иш жүргүзүүнүн түрлөрү жана деңгээлдери

Жергиликтүү коомчодо реабилитациялык программаны уюштуруунун белгилүү бир формуласы же калыбы жок. Программаны кандай уюштуруу керектиги түрдүү факторлордон: жергиликтүү коомчонун чоңдугунан, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын санынан жана илдеттеринин мүнөзүнөн, ата-энелеринин кызыкчылыктарынан жана шыктарынан, колдо бар ресурстардан, реабилитациялык атайын кызматтар га чейинки аралыктан жана алардан жардам алуу кыйынчылыктарынан көз каранды. ***Физиотерапевттерден*** жана реабилитация иштери боюнча башка адистерден, усталардан, коомчолордогу медициналык-санитардык кызматчылардан, мектеп мугалимдеринен жана пайдалуу ык-жөндөмдөрү бар башкалардан жардам (өз ыктыярлуу, эгер мүмкүн болсо) алуу мүмкүнчүлүктөрүн да караштырыңыз.


Реабилитациялык иштер ага муктаж болгон балдардын мүмкүн болушунча көбүрөөк санын камтышы үчүн, **реабилитациялык иш-аракеттердин көпчүлүгү үйдөн,** башкы реабилитолог катары үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан **аткарылышы керек.** Атүгүл акчалай ресурстары жана профессионалдык кызматтары мол болгон жерлерде да ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын көпчүлүгүнө туура келүүчү реабилитациялык иштердин басымдуу бөлүгүн аткаруу үчүн эң ыңгайлуу жана эң туура келүүчү жай – баары бир алардын үйлөрү жана коомчосу.

Бирок үй шарттында аткарыла турган реабилитациялык иштер эффективдүү болушу үчүн, ата-энелер кылдат тандалып даярдалган маалыматка, жолдош-жоролорунун колдоосуна жана жардамга муктаж. Кээде аларга түрлүү кууш адистиктерге ээ профессионалдык реабилитологдордун жана медициналык кызматкерлердин жардамы ар түрдүү көлөмдө керек болот.

Реабилитациялык ишти уюштуруунун мыкты ыкмасы катары **“жолдомолор тизмегин”** эсептөөгө болот. Мында реабилитациялоо үйдө аткарылуучу иш-аракеттерден, атайын үйрөтүүдөн өткөн жергиликтүү кызматкерлер иштеткен, чоң эмес коомчолук борбордун жетекчилиги астында башталат. Мүмкүн болушунча жергиликтүү реабилитациялык борбордун кызматын кымбат эмес баада же акысыз көрсөткөн жакынкы ***ортопедиялык*** бейтапкана же реабилитациялык борбор менен тыгыз мамилелери болушу керек. Мындай бейтапкананын хирургиялык операцияга же комплекстүү ***терапияга*** муктаж болгондорду тийиштүү мекемелерге жөнөтүү мүмкүнчүлүгү болууга тийиш. Айылдык реабилитациялык борборлорго мезгил-мезгили менен сырттан адистерди (техник-***ортопеддерди***, терапевттерди ж.б.), борборлордун жергиликтүү кызматкерлерин үйрөтүп туруусу үчүн, чакырып турууга болот. Мындай адистер айылдык борбордун кызматкерлерин шаардагы ортопедиялык устаканаларына жана бейтапканаларга шакирт катарында окуп үйрөнүүгө чакырышса болот. (**Шакирт** – адиске ишинде жардам берип жатып, андан кайсы бир өнөрдү үйрөнгөн адам.)

Кээ бир айылдар өтө эле кичинекей болгондуктан, аларда өздүк реабилитациялык борборун уюштурууга акча каражаттары жетишсиз. Ошентсе да, бир катар өлкөлөрдөгү иш тажрыйбага таянсак, кайсы бир айылда атүгүл чакан борбордун ачылышы тууралуу маалымат айланага тез эле тарайт. Көп өтпөй, бул борборго жакынкы айылдардан реабилитациялык жардамга муктаж балдар жана алардын үй-бүлөлөрү келе башташат. Кийин, реабилитациялык жумушчу топ ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө өздүк борборлорун – башкы борбордун коңшу айылдардагы жергиликтүү бөлүмдөрүн (филиалдарын) уюштурууга жардам бере алышат. Мындай филиалдарынын кызматкерлери башкы борбордо “шакирт” катарында окуп үйрөнүшсө болот.

**АЙЫЛДЫК РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК БОРБОР**
**КЫЗМАТЫН ЖАЙЫЛТУУ ЖАНА КОЛДОО АЛУУ СХЕМАСЫ**




Жогоруда келтирилген “идеалдуу” схема аздыр же көптүр Мексикадагы PROJIMO программасынын иш жүргүзүү схемасын чагылдырат.


## Айылдык реабилитациялык борбордун ролу

Реабилитациялык иштин эң маанилүү бөлүгүн үй-бүлө өзү үй шартында аткарат, далайы мектепте, базарда, айылдын борбордук аянтчасында жана, зарыл болгондо, жакынкы адистештирилген ортопедиялык бейтапканада жүргүзүлөт. **Бирок бардык ушул иштин негизи катары айылдык реабилитациялык борбор кызмат кыла алат.** (Кийинки бетти караңыз.)

Белгилүү бир үйрөтүүдөн өтүшкөн, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү иштеген айылдык реабилитациялык борбор көптөгөн ар түрдүү кызматтарды камсыз кыла алат. Мындай кызматтарга үй-бүлөлөрдү үйрөтүү жана аларга колдоо көрсөтүү, коомчодо биргелешип иш-чараларды өткөрүү, хирургиялык эмес ортопедиялык иш-аракеттерди аткаруу, ортопедиялык жана көмөкчү жасалгаларды жасоо иштери кириши мүмкүн. Башынан тартып эле дароо бардыгын аткарып баштоого аракет кылбай эле коюу керек. Андан көрө, эң маанилүү бир нерседен баштап, анан – жаңы муктаждыктар жана мүмкүнчүлүктөр пайда болгонго, жаңы кызматтарды жана иш-чараларды бара-бара ишке кошкон туура.

Убакыт өтүп, коомчолук реабилитациялык жумушчу топ бир кыйла жана түрдүү тажрыйба топтоп, квалификацияга ээ болот. Мисалы, PROJIMO программасынын айылдык жумушчу тобу ага кайрылып турган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын (сокур жана дүлөй балдардан тышкары) болжол менен 90%ынын муктаждыктарын тийиштүү түрдө канааттандыра алган абалга жетишти. Кайрылган балдардын 10%ын гана адистештирилген ортопедиялык бейтапканаларга же андан ири реабилитациялык атайын борборлорго жөнөтүү керек болот. Ушул эле балдарга карата шаардык бейтапканалардагы адистер мурда сунуш кылып жүргөн жардамдан PROJIMO программасы камсыз кылган терапия же көмөкчү каражаттар көбүрөөк пайда алып келери чакырылган адистер тарабынан көп жолу тастыкталды.

Кийинки бетте келтирилген схемада айылдагы реабилитациялык борбор кандай иштерди жүргүзсө болору жана анын мүмкүндүү функциялары божомолдонот. Мындан тышкары, схемада жакынкы айылдардагы “филиалдардын” мүмкүндүү кызматтары, шаардык ортопедиялык жана реабилитациялык борборлордун жана сырттан чакырылган адистердин жергиликтүү айылдык борбор үчүн пайдалуу болгон кызматтары келтирилген.



Жергиликтүү коомчону чогултуп, “бардык балдар үчүн оюн аянтчасын” куруу ишине тартуу – адамдарды бириктирүүнүн жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды дени соо балдар менен биргелешип, эки тарап тең үчүн кызыктуу иш кылууга катыштыруунун эң сонун ыкмаларынын бири.

# ТҮРДҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕГИ РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК БОРБОРЛОРДУН БОЛЖОЛДУУ ИШМЕРДИГИ ЖАНА КЫЗМАТТАРЫ

## АЙЫЛДЫК РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК БОРБОР

(бир нече айылдын балдарын жана алардын үй-бүлөлөрүн тейлейт)



- **филиалдар үчүн аталган иш чаралардын бардыгы жана андан тышкары:**
- үй-бүлөлөр жана кичи топтор үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга кам көрүүнүн негиздери, терапия жана өнүктүрүү боюнча тренингдерди өткөрүү (сунуштар, көрсөтмөлөр)
- ортопедиялык жана реабилитациялык көмөкчү каражаттарды жасоочу (жана буларды өз алдынча жасоого үй-бүлөлөрдү үйрөтүүчү) устакана уюштуру; мисалы:
  - ортездер
  - балдактар
  - бастыргычтар
  - атайын отургучтар
  - деңгөлөктүү отургучтар
  - протездер
  - атайын бут кийим
  - терапиялык каражаттар
- хирургиялык эмес ортопедиялык иш-чаралар (гипстүү тануулардын жардамы менен муундарды жазуу, д.у.с.н.)
- коңшулаш айылдардан келген, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды жана алардын үй-бүлөлөрүн айылда убактылуу турак жай жана тамак-аш менен камсыз кылуу


  буларга төмөнкүлөр кириши мүмкүн:
  - айылдагы үй-бүлөлөр сырттан келген үй-бүлөлөрдү үйлөрүнө чакан акыга убактылуу жайгаштыруу
  - сырттан келген үй-бүлөлөрдү убактылуу жайгаштыруу үчүн жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын үй тиричилигин, өздөрүнө кам көрүүсүн жеңилдетүүгө ылайыкталган аз чыгымдуу жасалгалар менен жабдылган «үлгүлүү үй»
  - коңшулаш айылдардагы үй-бүлөлөр топторунун же кичи программалардын ишин координациялоо, аларга эркин түрдөгү тренингдерди өткөрүү, аларга барып туруу, маалымат, кеңештер менен камсыз кылуу
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жаштар үй-бүлөсү же программа үчүн бир аз акча тапканды үйрөнүп алуусу үчүн устаканаларды жана/же айыл чарбалык долбоорлорду уюштуруу
- ден соолук көйгөйлөрүн алдын алуу иш-чаралары, мисалы:
  - полиомиелит жана балдардын башка ооруларына каршы эмдөө жүргүзүү, жетиштүү деңгээлде тейленбей калган үй-бүлөлөргө жана коомчолорго өзгөчө көңүл буруу
  - ийне аркылуу берилүүчү дарыларды чегинен ашырып жана туура эмес колдонуунун кооптуулугун түшүндүрүүчү иш-чараларды уюштуруу
- программага жергиликтүү коомчонун мүмкүн болушунча көбүрөөк тургундарын катыштырууга жардам бере турган иш чараларды уюштуруу; мисалы:
  - терапияны жүргүзүүгө жардам берүү
  - балдарды ойнотууга жана алардын көңүлүн ачуу иш-чараларына жардам берүү
  - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар сыртка сейилге чыкканда аларды коштоп жүрүү, мектепке жетүүсүнө жардам берүү, ж.б.у.с.
  - айылда колдоо комитетин уюштуруу
  - дени соо балдар ден соолук бузулуулары бар балдарга жана бөбөктөрүнө оюнчук жасоочу устакана уюштуруу
- коңшулаш айылдарда кичи борборлорду баштоого жардам берүү, тренингдер менен камсыз кылуу, регулярдык түрдө барып жардам берип туруу жана борбордо муктаж болгондорду кабыл алып туруу

## Коңшулаш айылдардагы филиалдар



- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын үй-бүлөлөрү жолугушуп, бир бирине жардам беришип, балдарын биргелешип карашып туруу
- бардык (ден соолук бузулуусу бар жана дени соо) балдар үчүн бир оюн аянтчасын куруу
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды мектепте окутууга биргелешип аракет кылуу
- кадимки мектепте окуй албаган балдар үчүн атайын иш чараларды биргелешип уюштуруу
- коомчонун тургундарына карата эл агартуу иш чаралары:
  - театрлаштырылган көрсөтүүлөр
  - «БАЛА балага» программасы
  - мектеп окуучуларын жана айыл тургундарын оюн аянтчасын курууга, айылдагы жайлардын бардык адамдар үчүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга, оюнчук жана жабдуу жасоого тартуу
- коңшулаш айылдагы реабилитациялык борборго муктаж болгондорду топ-топ кылып алып барып туруу
- билим берүү жана профилактикалык иш чараларды жүргүзүү
- айылдык реабилитациялык борбордун реабилитологдорунун көзөмөлү астында негизги терапия жана реабилитация иштеринде жардам берип турган бир же андан көп көмөкчүнү айыл тургундарынын катарынан даярдоо

## Шаардык адистештирилген жана реабилитациялык борборлор, мындан тышкары, сырттан чакырылган адистер



- **адистештирилген кызматтар:** ортопедиялык жактан баа берүү, кеңеш берүү жана, зарыл болгондо, хирургиялык операция жасоо (арзан баада же бекер)
- айыл шартында өз алдынча жасап алуу үчүн өтө татаал ортопедиялык жана реабилитациялык жабдуулар
- тандалган балдардын хирургиялык операцияга чынында эле муктаж экенин аныктоо үчүн, ортопедиялык хирургдардын айылдык реабилитациялык борборго мезгил-мезгили менен келип туруусун камсыз кылуу
- айылдык жумушчу топко тренингдерди өткөрүп жана аларды зарыл кеңештер менен камсыз кылып турууусу үчүн, айылдык борборго сырттан ар түрдүү адистердин (физиотерапевттер, эрготерапевттер, атайын мугалимдер, ортопедиялык аппарат жасоочулар, протез жасоочулар, реабилитациялык инженерлер, ж.б.у.с.) кыска убакытка (3 күндөн 1 айга чейин) келип туруусун уюштуруу (Сырттан келген бул адистердин көмүскөдө калуусу, негизги ролду ойноосу, программанын иштеринин баарына катыша бербөөсү, жетекчиликти өз мойнуна жүктөбөөсү жана борбордун кызматкерлерисиз балдар менен өзүнчө иштебөөсү маанилүү.)
- шакирт болуп окуп үйрөнүү мүмкүнчүлүгү: айылдык борборлордун кызматкерлерин түрдүү адистештирилген борборлордо окутуу

## Коомчолук реабилитациялык борборлордун маанилүүлүгү

Негизги реабилитациялоо иш-чараларын чоң мекемелерден үй шартына которууга аракет кылып жатып, айрым жергиликтүү реабилитациялык программалар эч кандай жергиликтүү реабилитациялык борборлорсуз эле иштөөгө умтулушат. "Жергиликтүү устаздар" балдардын үйлөрүн кыдырып, түздөн-түз алардын үй-бүлөлөрү менен иштешет. Бирок кошумча жардам же көмөкчү каражаттар керек болгондо, жергиликтүү устаз өзүнүн бейтаптарын шаардагы адистерге жөнөтүүгө аргасыз болот. Атайын мекемелер алыс болуу, кошумча чыгымдар, демейдегиден тышкары нерселерден чочулоо жана колдоо системи жоктугу – мунун баары адистерге жөнөтүүнү ого бетер кыйындатып, мындай иштин жалпы майнаптуулугун азайтат. Натыйжада, реабилитация толук болбой, анын натыйжаларына бейтаптардын жана алардын үй-бүлөлөрүн көңүлдөрү калып калат.

Албетте, кээ бир адамдарды шаардагы адистештирилген ири бейтапканаларга же атайын борборлорго жибербей коюусуз болбойт. Бирок чакан реабилитациялык борборлорду айылдарда же жергиликтүү коомчолордун аймагында уюштуруу мыкты жол экенинин бир нече күчтүү аргументтери бар. Мындай борборго мүнөздүү нерселер:

1. Үй шартында аткарылган реабилитациялык ишти координациялоочу жана үйдөн тышкары кошумча кызматтарды камсыз кылуучу табигый, элдин реалдуу турмушуна жакын жана кымбат эмес жөлөк жайы болуп берет.

2. Реабилитациялык жабдуулардын жана көмөкчү каражаттардын көп түрлөрүн жергиликтүү ресурстардан жана үй-бүлөлөрдүн, мектеп окуучуларынын жана жергиликтүү усталардын катышуусунда кымбат эмес баада тез жасап берүүгө жөндөмдүү.

3. Анда "бардык балдар үчүн оюн аянтчасы" бар болушу, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар менен жакшы өз ара мамилелерди түзүүгө жана алар менен өз ара аракеттешүүгө багытталган иш-чараларды уюштурушу мүмкүн.

4. Көп учурларда эч даярдыгы жок жана жумушсуз, ден соолук бузулуулары бар жергиликтүү адамдарды жакшы иш жана тренингдер менен камсыз кылышы мүмкүн. Буга күбө болгон, ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттери бар балдардын үй-бүлөлөрү жана айылдын башка тургундары өзгөчө муктаждыктары бар адамдар деле коом үчүн пайдалуу жана маанилүү ордуларын таба алат экенин түшүнүшөт.

5. Күндөлүк реабилитациялык иштерди аткарып туруу үчүн адамдын үйү демейде ал үчүн баарынан мыкты жай, бирок бул мүмкүн болбогон жагдайлар да жок эмес. Мисалы, ата-эненин бирөө же экөө тең балдарын таштап кеткен же каза болуп калган, же үй-бүлөдө аракечтик көйгөйү бар, же өгөй ата, эне же туугандар балага карата зомбулукка жол беришет, аны такыр карашпайт же жыныстык зордукка батырышат (көп эле учураган көйгөй). Далай үй-бүлөлөр колунан келгендин баарын жасоого аракеттенишет. Бирок балдарын багам деп керели кечке жең түшүрбөй эмгектенген үй-бүлө үчүн оор илдети бар баласына да ага зарыл болгон кам көрүүнү кошумча камсыз кылуу көтөрө алгыс жүк болушу мүмкүн. Мындай шарттарда жергиликтүү борбордо берилген адистештирилген жардам балага да, анын үй-бүлөсүнө чоң пайда алып келе алат.

6. Кичинекей жергиликтүү борборлор бир бири менен тыгыз иштеген бирикмеге биригишип, түрдүү идеяларын бир бири менен бөлүшүп жана бир биринен үйрөнүп турушса болот. Борборлор бир келишимге келип, ар түрдүү буюмдарды же жабдууларды түрдүү борборлор бир бирин кайталабай чыгаруусун сүйлөшүп алуусу мүмкүн. Мисалы, бир борбор дөңгөлөктүү отургучтарды жасаса, башкасы – оюнчуктарды, үчүнчүсү – кымбат эмес гипстүү бинттерди чыгарса болот. Ушундай жол менен борборлор же программалар бир бирин өзүнүн өнүмдөрү менен арзан баада камсыз кыла алышат.

**Жергиликтүү коомчолук борбордун катышуусу жана колдоосу менен, үй шартында аткарылган реабилитациялык иш көп учурда эң мыкты натыйжаларды камсыз кылат.**

## Жергиликтүү чакан программаларды жаңы айылдарга жана аймактарга кантип жайылтууга болот

"Төмөндөн жогору" принциби боюнча уюштурулган программалар үчүн жаңы жерлерге элдин суроо-талабы боюнча жайылуу жайы мүнөздүү. Программа тууралуу кабар бир үй-бүлөдөн экинчи үй-бүлөгө, бир шаардан экинчи шаарга тараган сайын, атүгүл обочолонгон айылдагы кичинекей программа башкаларга зор таасир тийгизе алат. Мисалы, PROJIMO программасы 1000 кишиге жетпеген тургуну бар айылда жайгашат жана анда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү 12 жергиликтүү тургун иштейт. Биринчи 4 жыл ичинде PROJIMO программасы 100дөн ашуун шаарча менен айылдан жана бир нече ири шаардын чет жакаларындагы жакыр коомчолордон келген ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү 1000ден ашуун баланы кабыл алып, муктаждыктарына жооп берүүгө жетишти. (Орточо эсеп менен ар 100 адамдын ичинен бир балада ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген катаалдыгы орто жана оор илдети бар экенине таянсак, PROJIMO программасы 100 000ден ашуун адамды тейлеп иштеп жатат деп айтсак болот.)

"Төмөндөн жогору" түзүмү боюнча уюштурулган же "адамдарга багытталган" программалардын жаңы жерлерге ыкчамыраак жайылуусунун жолдору ар түрдүү. Данек даракка айлангандай сыяктуу мындай программалар өз алдынча өсүп, жаңы жерлерге жайылганда, биз мындай өсүүнү "табигый" деп атайбыз.


PROJIMO программасында коңшулаш коомчолордон реабилитацияга биринчи жолу келген жаштардын кээ бирлери белгилүү бир убакытка калып, программада иштөөнү чечишет. Иш учурунда алар зарыл ык-жөндөмдөрдү үйрөнүшөт. Кийин өздөрүнүн коомчолоруна кайтып барганда, алар башка адамдардын реабилитациядан өтүүсүнө жардам берүү иштеринде бул жаңы ык-жөндөмдөрүн колдоно алышат. Кээде айылдар жана айылдык саламаттыкты сактоо программалары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жаштарды PROJIMO программасына бир нече айга шакирт болуп окууга жөнөтүп турушат. Жаңы ык-жөндөмдөрдү үйрөнгөн бул жаш адамдар коомчолоруна кайтып барганда, PROJIMO программасынын иш-чараларына окшогон иш-аракеттерди баштоого жардам беришет деген максат коюлат.

Адегенде кичинекей нерселерден баштап, кызматы кийин көптөгөн башка шаарларга чейин жайылган, "адамдарга багытталган" дагы бир программа – Пакистандын Пешавар шаарындагы "Коомчолук реабилитацияны өнүктүрүү программасы". Бул тууралуу 520-бетте сөз болот.

### КООМДО КЫЗЫГУУНУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮНҮ КӨБӨЙТҮҮГӨ АРНАЛГАН ИШ-ЧАРАЛАР

Айылдын же шаардагы коомчонун тургундары биргелешип иш-аракеттер кылуусу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга түшүнүү менен мамиле кылууну жана ар кандай нерселерди алар менен биргелешип аткарууну өркүндөтүүгө жардам бериши мүмкүн. Өзгөчө пайдалуулугун далилдеген мындай иш-чаралардын төрт түрү кийинки төрт бөлүмдө каралат:

- **"Бардык балдар үчүн оюн аянтчасы"**
- **"БАЛА балага" программасы**
- **Элдик театр**
- **Балдардын оюнчук жасоочу устаканасы**



Бардык балдар үчүн оюн аянтчасы (PROJIMO)

Коомчолук реабилитациялык программаны баштоодо жергиликтүү тургундарды кызыктыруу жана аларды иш-чараларга тартуу үчүн, булардын ичинен каалаганыңызды тандап колдонсоңуз болот. Эч кандай атайын программа пландалбаганда деле, буларды жергиликтүү коомчонун тургундарынын кабардарлыгын жогорулатуу үчүн пайдаланса болот. Мисалы, реабилитациялык борбору бар айылдагы ошол борбордун кызматчылары коңшулаш айылдарга барып, ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин алдын алууга арналган театрлаштырылган же куурчак көрсөтүүлөрүн уюштурушса болот. Алар "БАЛА балага"программасынын иш-чараларын уюштуруу же жергиликтүү балдарды чогултуп, "бардык балдар үчүн оюн аянтчасын" курууга бириктирүү жөнүндө мектеп мугалимдери, жергиликтүү медициналык-санитардык кызматчылар же кызыкдар ата-энелер менен да сүйлөшсө болот. Бир жолу PROJIMO программасы мектеп окуучуларын коңшулаш айылга алып барып, ошол айылдын балдары өзүнө оюн аянтчасын куруп алуусуна аларга жардам берүүсүн уюштурган. Ошондо дээрлик 100 бала жана чоңдор оюн аянтчасын бир күндө эле тургузуп коюшкан.

Бул төрт бөлүмдөн кийин биз ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын социалдык интеграцияланышы жана алар үчүн мүмкүнчүнчүлүктөрдү жаратуу маселелерин изилдейбиз.